**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКЕМЕЛЕРИНИН (МЕКТЕП, ГИМНАЗИЯ, ЛИЦЕЙ) 10-11-КЛАССТАРЫНДА 2016/2017-ОКУУ ЖЫЛЫНЫН 1-СЕНТЯБРЫНДА ӨТҮЛҮҮЧҮ АЧЫК САБАК**

# Тема: Улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышы жана өнүгүшү

**( Эгемендүүлүктүн 25-жылдыгына карата)**

| | | |
|---|---|---|
| **Сабактын темасы:** | | Улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышы жана өнүгүшү |
| **Сабактын тиби:** | | Аралаш |
| **Сабактын методу:** | | Интерактивдүү (мээ чабуулу, логикалык суроолор, карта менен иштөө, кыскача лекция) |
| **Сабактын каражаттары** | | Видео материалдар, слайд |
| **Сабакты уюштуруу:** | | Мугалимдин жана окуучулардын ишмердүүлүктөрү |
| **Сабактын жүрүшү:** | | **Коментарийлер** |
| Мугалим: Саламатсыңарбы урматтуу окуучулар! Силерди билим күнү менен куттуктайм! Бүгүнкү сабагыбыз “Тарых жана маданият” жылына карата болмокчу. Урматтуу балдар биз жакында Эгемендүү мамлекетибиздин 25 жылдыгын майрамдоо алдында турабыз, ошондуктан артка кайрылып кыргыз элинин мамлекеттүлүктү куруу жолунда кандай даңтуу жолду басып өттү экен. Алгачкы сабагыбыз ушуга арналат. | | Сабактын темасы:<br><br>Улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышы жана өнүгүшү |
| Мугалим: Сабактын максатын окуучуларга жакшылап түшүндүрөт, себеби максатка жетүү үчүн окуучулар сабактын максаты менен таанышып түшүнүшү керек. | | Сабактын максаты:<br>**Билим берүүчүлүк**; Окуучулар улуттук мамлекеттүүлүктүн тарыхы жөнүндө маалымат алышат<br>**Өнүктүрүүчүлүк**; Окуучулар маалыматтарды анализдешет, топтоштурушат жана баалашат<br>**Тарбиялык;** Элибиздин даңктуу тарыхына сыймыктануу менен мекенине болгон сүйүүсү калыптанат |
| Сабактын аягында окуучулар төмөндөгү күтүлүүчү натыйжага ээ | | Күтүлүүчү натыйжалар: |

| | | |
|---|---|---|
| болсо сабак максатына жетти дейбиз | | ✓ Окуучулар улуттук мамлекеттүүлүк эмне экендигин айтып бере алышса<br>✓ Улуттук мамлекеттүүлүктүн жаралышы жана калыптануусун фактылар менен айта алышса<br>✓ Ата бабаларынын алгачкылардан мамлекет түзгөндүгүн башкаларга айтып берүү менен мекенчилдик сезимдерин билдире алышса |
| Урматтуу окуучулар сабагыбыздын максатына жана кандай күтүлүүчү натыйжага ээ болорубузду түшүнүп алдык.<br>Анда бүгүнкү сабакта силерге ийгилик каалайм!<br>Мугалим: Балдар улуттук мамлекеттүүлүк деген эмне? (Мээ чабуулу)<br>Силер эки-экиден болуп буга жооп даярдагыла? (2 минут убакыт берилет)<br>Окуучулар слайддагы сууроону карап эки-экиден болуп жооп жазышат.<br>Мугалим убакыт буткөн соң ар бир катардан 3-4 баланын жообун угат. | | Улуттук мамлекеттүүлүк деген эмне? |
| Мугалим: Азаматсыңар балдар? Биз үчүн улуттук мамлекетти түзүүнүн мааниси өтө чоң экен? Эмесе келгиле өткөндөгү тарыхыбыз жөнүндө маалымат алып сабагыбызды улайлы:<br>(Кыскача лекция). Балдар мен силерге кыргыз тарыхын алгачкы болуп илимий жактан изилдеген орустун улуу академиги В.В.Бартолддун 1927-жылы чыккан “Кыргыздар” деген тарыхый очерикинен цитата келтирейин | | <br>Улуу академик Василий Владимирович Бартольд<br>«Кыргыздар. Тарыхый очерк»<br>- атуу монографиясында.<br>« Кыргыздар Орто Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирет. Азыркы кезде Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кезиккен бир да эл болбосо керек» |

| | | |
|---|---|---|
| Балдар В.В. Бартолд эмнеге таянып бул цитатаны келтирип жатат?<br>Окуучулар: Өз ойлорун айтышат.<br>Мугалим: Ооба туура айтасыңар улуу академик тарыхый жазма булактарга таянуу менен бул сөздү бекемдеген.<br>Кытай тарыхынын атасы Цыма Цянь б.з.ч. 99 жылы Щи-Цзи (тарыхый жазуулар) деген эмгегинде төмөндөгүдөй жазган. | | <br><br><br>Моде баатыр б.з.ч. 201-ж. түндүктө хуньюй , цюйще , динлин, гэгун (кыргыз) жана синьлиндердин ээликтерин багындырды , баардык жерлердин башкаруучулары хунндарга баш ийип бериштИ.<br>**Сыма Цянь .«Щи Цзи» б.з.ч.3к.** |
| Сыма Цяндын эмгегинде белгиленип кеткен гегун деген термин кыргыз дегенди түшүндүрөөрүн дүйнө окумуштуулары кабыл алды. Байыркы кытайлар кыргыздарды гэгун деп аташкан экен. Ошентип балдар кыргыз этноними б.з.ч.3 к тарых бетине түшүп, байркы элдин катарынан орун алдык.<br>Мугалим окуучуларга суроо берет: (логикалык суроо) Балдар эгер кыргыздар байыртадан эле тарыхта белгиленсе бул элдер мамлекеттүүлүгү болгонбу? Кандай деп ойлойсуңар?<br>Окуучулар эки-экиден болуп 2 минут суроонун үстүндө иштешет? Мугалим окуучулардан жооп угуп, дагы бир байыркы маалыматка балдардын көңүлүн бурат. Балдар кыргыздар Борбордук Азиядагы аты тарыхта эрте учураган эл гана эмес алгачкылардан болуп өз мамлекетин түзгөнү жөнүндө маалымат бар. Анда слайды карайлы. Демек Б.з.1 к. кытай тарыхчысы Бань Гу “Хань Щу” деген эмгегинде кыргыздар эркиндикке чыгып алгачкы мамлекетин түзгөнүн кабарлап жатат. “Гянь гунь” б.з.1к. башталышында кыргыздардын кытайча аталышы “го” деген сөз мамлекет дегенди түшүндүрөт балдар. Ошентип кыргыз мамлекттүүлүгүнүн башаттары б.з.ч. 3 к. башталаганын тарыхый маалыматтар тастыктап турат. | | <br>Кытайлык байыркы тарыхчы Бань Гу (б.з. I к.)<br>«Хань Щу»(Улуу Хань тарыхы) атуу эмгегинде кытай тарыхчысы Бань Гу төмөндөгүдөй кабарлайт: «Б.з.ч. 56-жылы хунндардын алсыраганынан пайдаланган гянь гундар көтөрулушкө чыгып, Гянь гунь го ну түздү»<br>« Гянь гунь өлкөсү хунндардын байтактысынан 7 000 ли ( 1 ли- 500 м) батыш тарапта жана Чеши аймагынан 5 000 ли түндүк тарапта жайгашкан». |

| | | |
|---|---|---|
| Акырындык менен шартка жараша кыргыздардын тарыхы мамлекттүүлүгү калыптана баштаган. Балдар орто кылымдын 5-к. кыргыздар Чыгыш Теңир-Тоодон Түштүк Сибирге журт которуп 6-8-кк. Миң – Өзөн ойдуңунда Эне-Сай кыргыз мамлекетин негиздешкен. Бул мамлекетүүлүгүбүздүн жаңы этапка көтөрүлүшү эле. Бул мамлекет тууралуу Орхон –эне-сай кыргыз жазмалары бизге маалымат берет. Эне-Сай кыргыз мамлекетинин ажосу Барсбек болгон. Слайдды карагыла. | |  |
| Барсбек башында турган Эне-Сай кыргыз мамлекети абадан саясий экономикалык, маданий жактан өнүккөн мамлекет болгон. Алыскы жакынкы мамлекеттер менен байланыш түзүп, улуу жибек жолу аркылууу соода жүргүсүп, өздөрүнүн 40 тамгадан турган руна сымал жазмасы бар эле.<br>Урматтуу окуучулар азыр карта менен иштеп көрөлү. Слайддагы картаны карагыла: Балдар бул карта эмне жөнүндө кабар берет.<br>1 минута өткөн соң мугалим окуучулардан сурайт. Окуучулар карта боюнча өз ойлорун айтат. Ооба балдар бул 9-10 кк. жашаган Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн картасы. Кыргыздардын мамлекетүүлүк жолундагы эң бир бийктик учуру болуп эсептелет. 840-жылы кыргыздар Тапу Алп Сол деген кыргыз баатырынын жетекчилигинде Борбордук Азиядагы Уйгурларды талкалап , Улуу Кыргыз дөөлөтүн түздү, бул дөөлөт 924-жылга чейин жашаган. Дөөлөттүн мамлекеттик административдик башкаруу системасы болгон. Улуу кытай менен дипломатиялык байланыш түзүп турган. Көрдүңөрбү балдар биздин ата-бабаларыбыз мамлекет гана курбастан ири держава курууга чейин жетишкендиги менен сыймыктансак болот. | |  |

| | | |
|---|---|---|
| Мугалим: Урматтуу окуучулар бул дөөлөт 924-жылы ички жана сырткы себептерден кулаган. Андан кийин тарыхта ар кандай татаал жолдор болду бирде өйдөлөсөк бирде ылдый түштүк кыргыз эли мамлекет түзүүгө бир нече жолу аракет кылып көрдүк мисалы: 16 к. Мухаммед кыргыздын аракети же 1842-жылы Ормондун түндүк кыргыз урууларында хандыкка көтөрүлүшү бирок тилекке каршы бул аракеттер ишке ашкан эмес. | |   |
| Кыргыздардын улуттук мамлекеттүүлүктү түзүү бактысы 20 к. пайда болду. 1917-жылы Улуу Социалисттик революциянын негизинде Орто Азияда Совет бийлиги орноп 1918-жылы Түркстан Республикасы түзүлгөн. Кыргыздар Түркстан АССРинин областарынын курамында бытыранды болуп турган. Өз улутун сүйгөн , өз мамлекетин түзүүгө аракет кылган атуулдарыбыз<br>Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков. А. Сыдыковдор болгон. | |    |
| Натыйжада 1924-жылы 14-октябрда Кара-Кыргыз Автономиялуу обласы (КАО) тузулөт. Кыргыз калкын бириктирген чектелген автономия формасында болсо да, бир улуттук мамлекетке биригишкен.<br>КАОнун убактылуу партиялык жана советтик органдары түзүлөт. Ж.Абдрахманов областын партиялык уюмдун 2-катчысы, Областык Аткаруу Комитетинин төр агасы Абдыкадыр Орозбеков ал эми Ревкомдун төр агасы Ишенаалы Айдарбеков болгон. Улуттук мамлекетүүлүгүбүз андан ары чыңдалып 1926-жылы мартта Кыргыз АССР түзүлгөн, Кыргыз АССринин БАКнын төр агасы Абдыкадыр Орозбеков, Эл Комиссарлар Советинин төр агасы Жусуп Абдырахманов болгон. 1936-жылы декабрда СССРдин курамындагы КССРи жаралган. | | 1924-жыл Кара Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлүшү<br><br>1926-жыл март Кыргыз Автономдуу Советтик Социалисттик мамлекеттин түзүлүшү<br><br>1936-жылы декабрь Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын түзүлүшү |

| | | |
|---|---|---|
| Мугалим: Балдар быйыл Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгына канча жыл толот?<br>Окуучулардын жообун мугалим угат.<br>Азаматсыңар, ооба 25 жылдын жүзү болот.<br>Улуттук мамлекеттүүлүгүбүздүн эң жогорку чекке жетиши көз карандысыз улуттук мамлекетибизди түзгөндүгүбүздө жатат.<br>Кыргызстан тарыхындагы эң чоң окуялардын бири 1990-жылы 15-декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан тарыхый документ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверендүүлүгү жөнүндөгү Декларация”. Бул документ эгемендүүлүккө багытталган алгачкы жол болуп калды. 1991-жылы 31-августа Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети “Кыргыз Республикасынын-көз карандысыздыгы жөнүндө Декларация” кабыл алды. Декларация “Кыргыз Республикасын-көз карандысыз, суверендүү демократиялык мамлекет деп жарыялады. Ошентип дүйнөнүн саясий картасында жаңы өз алдынча, көз каранды эмес мамлекет-Кыргыз Республикасы пайда болду. | |  |
| Окуучуларга суроо Кыргыз Республикасынын ыйык белгилери жөнүндө айтып бергиле.<br>Мугалим окуучулардын жоопторун угат. | |   |
| 1993-жылы 5-майда Кыргыз республикасынын Конституциясы кабыл алынды. | | Анда “Кыргыз Республикасы-эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, соцалдык мамлекет”- деп жазылган |

<table>
<tr><td>Эгемендүү Кыргызстаныбыз демократиянын алгачкы жолунда эле оор сыноолорго кабылды. Президентибиз А. Атамбаев улуттук мамлекетибиздин демократиялык жолундагы үч этапка токтолуу менен демократияны куруудагы кандай оор жолдорду басып өткнүбүздү белгиледи. Аксы окуясы, 2005-жылкы элдик революция жана 2010-жылдагы дагы бир элдик революциянын болушу.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td>« 2002-жылдын 17-мартындагы Аксы окуялары, 2005-жылдын 24-мартындагы Элдик револция жана 2010-жылдын 7-апрелиндеги Элдик революция кыргыз элинин эркиндик, демократия жана адилеттүүлүк үчүн күрөш жолунда Кыргыз Республикасынын соңку жаңы тарыхындагы эң зор үч ашуу болгон»,- деп белгиленген.</td></tr>
<tr><td>Эркиндик, теңдикти сүйгөн элибиз бүгүнкү күндө демократия жолунда баргансайын чыңдалып бара жатат. Биз Борбордук Азиядагы парламенттик башкаруу системадагы жападан жалгыз өлкө, демократиянын жолунда сыймыктуу макмлекетибиздин гүлдөп өсүшүнө салым кошуубуз ар бирибиздин милдетибиз.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Келгиле балдар өткөндөгулөрдү бышыктайлы: (кайтарым байланыш)</td><td></td><td>Дал келтиргиле<br><table>
<tr><td>1</td><td>В.В. Бартольд</td><td>а</td><td>“тарыхый жазуулар”</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Сыма Цянь</td><td>б</td><td>“Хань мамлекетинин тарыхы”</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Бань Гу</td><td>в</td><td>“Кыргыздар”</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table></td></tr>
</table>

Балдар Эне-Сай кыргыз мамлекети менен Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн окшоштуктарын жана айрымачылыктарын айтып бергиле

Окшоштуктарын жана айрымачылыктарын көрсөткүлө




Окуяларды даталары менен салыштыргыла.

Даталарды окуялар менен дал келтиргиле

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 1924-ж | а | КАССРнин түзүлүшү |
| 2 | 1991-ж | б | Конституциянын кабыл алынышы |
| 3 | 1926-ж | в | ККАОнун түзүлүшү |
| 4 | 1936-ж | г | Суверендүүлүк декларациясы |
| 5 | 1990-ж | д | КССРнин түзүлүшү |
| 6 | 1993-ж | е | Көз карандысыздык декларациясы |

Урматтуу окуучулар ушуну менен сабагыбыз аяктады. Активдүү катышканыңарга чоң рахмат!

**ОТКРЫТЫЙ УРОК ДЛЯ УЧАЩИХСЯ 10-11 КЛАССОВ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЙ (ШКОЛ, ГИМНАЗИЙ, ЛИЦЕЕВ) КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ НА 1 СЕНТЯБРЯ 2016-2017 УЧЕБНОГО ГОДА**

## Тема: Формирование и развитие национальной государственности

**( 25-летию независимости)**

| | | |
|---|---|---|
| **Тема урока:** | | Формирование и развитие национальной государственности |
| **Тип урока:** | | Комбинированный |
| **Методы урока:** | | Интерактивные методы (мозговой штурм, логические вопросы, работа с картой) |
| **Оборудование урока:** | | Видеоматериалы, слайды |
| **Организация урока:** | | Деятельность учителя и ученоков |
| **Ход урока:** | | **Комментарии** |
| Учитель: Здравствуйте, дорогие ребята! Я вас поздравляю с днём знаний. Сегодняшний наш урок посвящён году истории и культуры. Ребята, мы с вами стоим на пороге празднования 25-летия независимости нашей Родины. Давайте оглянемся назад и вспомним, какой великий путь прошёл кыргызский народ в строительстве своей национальной государственности. | | Тема урока:<br><br>Формирование и развитие национальной государственности |
| Учитель: детально разъясняет цели урока, чтобы достичь их | | Цели урока:<br><br>**Образовательная:** ученики получат информацию по истории национальной государственности<br><br>**Развивающая:** ученики анализируют, объединяют и оценивают новый материал<br><br>**Воспитательная:** формирование любви к Родине и гордости к славной |

| | | |
|---|---|---|
| | | истории своего народа |
| Если в конце урока ученики достигнут ожидаемого результата, то можно говорить, что урок достиг  поставленной цели. | | Ожидаемые результаты:<br>✓ Учащиеся дают объяснение что такое национальная государственность<br>✓ Рассказывают и подтверждают фактами зарождение и формирование национальной государственности<br>✓ Расскавыют другим о первых строителях государства и проявляют чувство любви к родине |
| Дорогие ребята, вы поняли цели и задачи нашего урока и чему мы должны научиться  в процессе его проведения<br>Я желаю вам успеха на сегодняшнем уроке!<br>Учитель: Ребята, что такое национальная государственность? (Мозговой штурм)<br>Разделитесь по-двое и подготовьте ответ на этот вопрос. (дается 2 минуты)<br>Ученики читают вопрос на слайде и пишут ответ.<br>Затем учитель слушает ответ  3-4 учеников с каждого ряда | | Что такое национальная государственность? |

| | | |
|---|---|---|
| Учитель: Молодцы ребята! Для нас строительство национальной государственности имеет огромное значение. Давайте продолжим наш урок и познакомимся с новым материалом<br><br>(Короткая лекция). Ребята, я хочу привести вам цитату русского академика В.В.Бартольда одного из первых научных исследователей истории кыргызского народа из его очерка “Кыргызы”, который вышел в 1927 году. | |  |
| Ребята, опираясь на что приводит эту цитату В.В.Бартольд?<br><br>Ученики: высказывают свое мнение<br><br>Учитель: вы правы, великий акдемик опирался на исторические источники.<br><br>Отец китайской истории Сыма Цянь в своём труде Ши-Цзи (исторические записки) в 99 г. до н.э. писал следующее | |  |
| Мировые ученые доказали, что приведенный Сыма Цяном в его труде термин гегун обозначает кыргыз. Древние китайцы кыргызов называли гегунями. Поэтому, ребята, этноним кыргыз впервые попав на страницы истории в 3 в. до н.э., считается одним из древних народов. | | |

<table>
<tr>
<td>Учитель задает вопрос ученикам: (логический вопрос). Как вы думаете, ребятя, если кыргызы были древним народом была ли у них государственность?<br><br>Ученики в парах работают над заданным вопросом 2 минуты. Учитель выслушав ответы учеников, обращает их внимание на ещё одно древнее сведение. Ребята, есть материалы, свидетельствующие, что кыргызы были не только древним народом в Центральной Азии, но у них было и своё государство. Давайте посмотрим на слайд. Итак, китайский историк Бань Гу в его труде “Хань Шу” в 1 в. до н.э. упоминает, что кыргызы добились независимости и сформировали своё первое государство. “Гянь гунь” с древнекитайского обозначает кыргыз, а слово “го” – государство. Поэтому истоки кыргызской государственности начинаются с 3 в. до н.э.</td>
<td></td>
<td>
</td>
</tr>
<tr>
<td>Постепенно кыргызы формировали свою государственность. Ребята, в 5 веке кыргызы переселились с Востчного Тенир-Тоо в Южную Сибирь и в 6-8 вв. основали государство енисейских кыргызов в Минусинской котловине. Это было новым этапом в нашей государственности. Об этом государстве нам дают сведения орхоно-енисейские надписи. Возглавлял кыргызское государство в тот период ажо Барсбек. Посмотрите на слайд.</td>
<td></td>
<td>
</td>
</tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| Государство Барсбека достигло своего развития в политике, экономике и культуре. Оно устанавливало связи с другими государствами и вела торговлю по Великому шелковому пути. Также у енисейских кыргызов было своё руническое письмо, которое состояло из 40 букв.<br><br>Ребята, давайте поработаем с картой. Посмотрите на карту на слайде. О чем говорит эта карат?<br><br>Через 1 минуту учитель опрашивает учеников. Ученики высказывают своё мнение по карте. Да ребята, это карта эпохи Кыргызского великодержавия 9-10 вв. Этот период считается одним из значимым на пути кыргызской государственности. В 840 г. кыргызы под предводительством полководца Тапу Алп Сола разгромили лидирующих в Центральной Азии уйгуров и создали своё великодержавное государство. Эта держава существовала до 924 г. В  державе была своя государственная административная система, поддерживали дипломатические отношения с Китаем. | |  |
| Учитель: Ребята, эта держава распалась в 924 году из-за внешних и внутренних причин. После этого в истории кыргызов было много трудностей. Были попытки создать собственное государство. Например, в 16 в. Мухаммед кыргыз пытался основать государство, а в 1842 г. Ормон-хан был поднят на ханство северными кыргызскими племенами,  но они не увенчались успехом. | |   |

| | | |
|---|---|---|
| Основание кыргызской государственности произошло в 20 веке. В 1917 году произошла Великая Социалистическая революция. В Средней Азии установилась советская власть и в 1918 году была создана Туркестанская республика. Кыргызы входили в состав Туркестанской АССР. Ж.Абдрахманов, И.Айдарбеков, А.Сыдыков были патриотами своего народа и пытались создать своё государство. | |  |
| В итоге 14 октября 1924 года была создана Кара-Кыргызская Автономная область (КАО). И хотя эта была область, но она объединила в одно целое кыргызский народ. Были сформированы временные партийные и советские органы. Ж.Абдрахманов был назначен вторым секретарем кыргызского обкома, А. Орозбеков – председателем облисполкома, И.Айдарбеков – председателем ревкома области. Национальная государственность стала дальше укрепляться. В марте 1926 года была создана Кыргызская АССР, председателем Президиума стал Абдыкадыр Орозбеков, председателем Совета Народных Комиссаров стал Юсуп Абдрахманов. В декабре 1936 года была создана КССР в составе СССР. | | 1924 год создание Кара-Кыргызской Автономной области<br><br>Март 1926 года – создание Кыргызской Автономной Советской Социалистической Республики<br><br>Декабрь 1936 года – создание Кыргызской Советской Социалистической Республики |

| | | |
|---|---|---|
| Учитель: ребята, сколько лет в этом году исполняется независимости Кыргызской Республики? Учитель слушает ответы учеников. Молодцы! Да, в этом году исполнится 25 лет. Одно из величайших событий в истории Кыргызстана произошло 15 декабря 1990 года, когда Жогорку Кенеш принял исторический документ “Декларацию о государственном суверенитете Республики Кыргызстан”. Этот документ стал первым на пути независимости Кыргызстана. 31 августа 1991 года Верховный Совет Кыргызской ССР принял “Декларацию о государственной независимости Республики Кыргызстан”. Эта декларация провозгласила, что Кыргызская Республика является независимым суверенным демократическим государством. Итак, на карте мира появилось новое независимое суверенное государство – Кырыгзская Республика. | |   |
| Вопрос ученикам: расскажите о символах Кыргызской Республики.<br><br>Учитель слушает ответы учеников | |    |
| 5 мая 1993 года была принята Конституция Кыргызской Республики. | | В ней написано: “Кыргызская Республика (Кыргызстан) является суверенным, демократическим, правовым, светским, унитарным, социальным государством» |

<table>
<tr><td>Кыргызстан прошел тяжелые испытания в начале пути к демократии. Как сказал президент А.Атамбаев “это три перевала на одном тяжелом пути”, имея в виду аксыйские события, народную революцию 2005 года, и еще одну народную революцию 2010 года.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td>«17 марта 2002 года, 24 марта 2005 года и 7 апреля 2010 года - очень важные памятные даты на непростом, драматическом пути кыргызского народа к справедливости и свободе. Это три перевала на одном тяжелом пути», - сказал глава государства.</td></tr>
<tr><td>Мы единственная страна в Центральной Азии с парламентской формой власти. Мы должны гордиться своей Родиной  и внести свой вклад в расцвет нашего государства.</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Ребята, закрепим пройденный материал (повторение)</td><td></td><td>Соотнесите
<table>
<tr><td>1</td><td>В.В.Бартольд</td><td>а</td><td>“исторические записки”</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Сыма Цянь</td><td>б</td><td>“история Ханьского государства”</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Бань Гу</td><td>в</td><td>“Кыргызы”</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>
</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | | 1. |
| Ребята, найдите общее и отличия в государстве енисейских кыргызов и Кыргызском великодержавии | | Покажите общее и отличия<br><br> |

<table>
<tr>
<td>Соотнесите события и даты.</td>
<td></td>
<td>Соотнесите события и даты<br>
<table>
<tr><td>1</td><td>1924 г.</td><td>а</td><td>Создание КАССР</td></tr>
<tr><td>2</td><td>1991 г.</td><td>б</td><td>Принятие Конституции</td></tr>
<tr><td>3</td><td>1926 г.</td><td>в</td><td>Создание ККАО</td></tr>
<tr><td>4</td><td>1936 г.</td><td>г</td><td>Декларация о суверенитете</td></tr>
<tr><td>5</td><td>1990 г.</td><td>д</td><td>Создание КССР</td></tr>
<tr><td>6</td><td>1993 г.</td><td>е</td><td>Декларация о независимости</td></tr>
</table>
</td>
</tr>
<tr>
<td>Дорогие ребята! Наш урок подошёл к концу. Спасибо за активное участие.</td>
<td></td>
<td></td>
</tr>
</table>